ISSN 0132-618X
ISSN 1694-8602 (online)
1928-жылдан баштап чыгууда

# ЭЛ АГАРТУУ




## 65-ЭЛ АРАЛЫК МАТЕМАТИКАЛЫК ОЛИМПИАДАНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ

11-12-июлда Улуу Британияда өткөн олимпиадада кыргызстандык окуучулар бир алтын, үч күмүш жана эки Ардак грамотага ээ болуп, командалык эсепте 108 мамлекеттин ичинен 29-орунга чыкты.

2024, №4

**Рыскелдиева А.,**
*Бишкек шаарындагы №69 окуу-тарбия комплекс–гимназиясынын кыргыз тили жана адабияты мугалими*

## PISA БОЮНЧА ОКУУ САБАТТУУЛУГУН АНЫКТОО

Берилген тапшырманын үлгүсү PISA боюнча балдардын окуу сабаттуулугун аныктоого үлгү катары предметтик мугалимдерге арналат. Үлгү-тапшырма балдардын окуу сабаттуулугун текшерүүгө багытталды.

### УЮЛДУК ТЕЛЕФОНДУН АДАМДЫН МЭЭСИНЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Сабактан кийин досум экөөбүз келе жатып, ал мага мындай суроо берди:

- Эмнеге сабакка көңүлүң жок?

- Билбейм. Негедир тез чарчайм, дайыма ушундай абалда болуп жатам.

- Телефонго көбүрөөк убакыт жумшайсыңбы?

- Ар кандай.

- Анда, мен сага бир макаланы берейин окуп көрсөң.

- Макул.

Мен ал берген макала менен таанышып чыкмак болдум.

Уюлдук телефондор тез эле заманбап телекоммуникациялардын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Адамдар электромагниттик толкундардын адамдын ден соолугуна тийгизген таасири жөнүндө тынчсыздана баштаганы таң калычтуу эмес. Бул көйгөй 20-кылымдын экинчи жарымынан бери узак убакыт бою изилденип келе жатат.

"Уюлдук телефондордун адамдын ден соолугуна зыяны барбы?" деген суроонун үстүндө изилдөөлөр улануудa жана кызуу талкуулануудa. Ушул күнгө чейин бир дагы лаборатория же медициналык борбор бул суроого так жооп бере алган эмес. Ошондуктан уюлдук телефондун оорулардагы ролун аныктоо өтө кыйын.

Уюлдук телефон менен электромагниттик нурлануу көйгөйү - нурлануунун булагы кулакка, мээге жакын болгондо ого бетер курчутат. "Түшүнүксүз" чарчоо, эс-тутумдун начарлашы, кан басымынын жогорулашы, жүрөктүн иштешинин бузулушу, уйкусуздук менен түз байланышы бар экени эч кимге жашыруун эмес.

Телефонду мүмкүн болушунча аз колдонууга аракет кылыңыз. Бул биринчи кезекте балдарга, өспүрүмдөргө, кош бойлуу аялдарга жана кардиостимуляторду орнотқондорго тиешелүү.

Мисалы, Японияда поезддердин купелеринде уюлдук телефондорду колдонууга тыюу салынган. Анткени уюлдук телефон өзүнүн таасирин ээсинин өзүнө эле эмес, жанындагыларга да жайылтат.

Британдыктар "Биз балдардын уюлдук телефондордо маанилүү эмес сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсүнө жол бербешибиз керек" деп эсептешет.


2001-жылы Германиянын педиатрия академиясы ата-энелерге балдарына уюлдук телефонду колдонуусуна чектөө киргизүү сунушу менен кайрылган.

Испан илимпоздору уюлдук телефонду эки мүнөт колдонуу да сүйлөшүү аяктагандан кийинки эки сааттын ичинде баланын мээсинин биоэлектрдик активдүүлүгүнүн ритмин өзгөртө алат деп ырасташат.

Россиянын Илимдер академиясынын Биофизика институтунун орусиялык изилдөөчүлөрү болсо нур-

| | | |
|---|---|---|
| Уюлдук телефондун ар түрдүү оорулардагы ордун аныктоо жеңил эле каралат. | | + |
| Мобилдик телефонду колдонуу көйгөйүн изилдөө - көп убакытты өзүнө камтыйт. | + | |
| Техниканы өнүгүүсү менен телефонсуз иштөөгө мүмкүн деген көз караш бар. | | + |
| Телефонду өзүндүн чөнтөгүнө салып коюу керек. | | + |
| Телефондо коңгуроо кагылганда да нурлануу болот | + | |

**№5.** Тексттен алган маалыматыңа, темага таянып, сүрөт боюнча кандай түшүнүк камтылгандыгын белгиле.




А) маалыматты кулакка жакын кабыл алуу;

Б) мээде шишиктин пайда болушу;

В) нурлануу менен жабыркаган мээнин аймагы;

Г) талаптарга ылайык телефонду кабыл алуу.

Жообу: В

**6. Эмне үчүн эскерткичте өзгөчө белгиленип көрсөтүлгөн?**

А) адам үчүн ыңгайсыздыкты жаратпоо;

Б) ден соолук үчүн алдын ала кам көрүү;

В) телефондун нурлануусун аныктап алышы үчүн;

Г) телефондун жашоодогу ордун аныктоо.


**№7.** Ар башка мамлекеттердин окумуштууларынын айтылган пикирлерин дал келтир.

| | Мамлекеттердин окумуштуулары | № | Пикирлер |
|---|---|---|---|
| А) | британдыктар | 1. | Рак илдетинин өнүгүшүн күчөтөт. |
| Б) | венгерлер | 2. | Мээнин активдүүлүгүнүн темпин өзгөртөт. |
| В) | орусиялыктар | 3. | Нурлануу жанындагыларга да өтөт. |
| Г) | испандыктар | 4 | Башта шишиктер пайда болушу мүмкүн. |
| | | 5. | Маанисиз баарлашууларды токтотуу керек. |

**Жообу:**

| А | Б | В | Г |
|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 1 | 2 |

**№8.** Сүрөткө байкоо жүргүз. 02 сандын ордуна кайсы натыйжа туура келет.




Мобилдүү телефонду колдонуудагы келип чыккан терс натыйжа:

А) мээде чыңалуу;

Б) стресске кабылуу;

В) приборлор менен иштөө;

Г) креативдүү көз караш.

Жообу: Б

9. Тексттен алынган маалымат боюнча телефондун адамдын мээсине тийгизген таасиринен 2 сунуш жаз.

1. ______________________________

2. ______________________________

10.

**№10.** Текст кимдерге багытталган?

Жообу: ______________________________